# БАЛАНЫ ТАРБИЯЛООДОГУ ҮЙ-БҮЛӨНҮН РОЛУ

**Мөндүрбаева И.М.**
*Мөндүрбаева И.М. – магистрант, С.Нааматов атындагы НМУ, Нарын ш.*

***Аннотация*** *Бул эмгек үй-бүлөлүк өз ара мамилелер баланын өнүгүүсүндө зор роль ойноорун талдоого арналган. Ата-энелик мамилелер – бул балага карай ар түрдүү сезимдердин, алар менен баарлашууда практикалануучу жүрүм-турумдук стереотиптердин, баланын мүнөзү менен инсанын, анын жосундарын кабыл алуунун жана түшүнүүнүн өзгөчөлүктөрүнүн системасы белгиленген.*

***Негизги сөздөр:*** *Үй-бүлө, үй-бүлөлүк тарбия, ата-энелик мамиле, тилектештик, жолдошчулук жана достук сезими.*

**Роль семьи в воспитании детей**

Мондурбаева И.М., магистрант НГУ

***Ключевые слова:*** *Семья, семейные воспитание, отношения родителя, солидарность, товарищества и дружеский.*

**The role of family education of children**

NGU. I.M. Mondurbaeva

***Key words:*** *A family, family upbringing, relations of the parent, solidarity, camaraderie and friendly.*

Ата-энелердин балдардын өнүгүүсүнө таасири өтө зор. Сүйүү жана түшүнүү атмосферасында өскөн балдарда ден соолукка, мектепте окууга, курдаштары менен баарлашууга тийиштүү көйгөйлөр аз болот, тескерисинче, эреже катары, балдар-ата-энелер мамилелеринин бузулушу ар кыл психологиялык көйгөйлөр менен комплекстердин калыптануусуна алпарат.

Кичинекей бала үчүн үй-бүлө – бул ал жашаган, иштеген, ачылыш кылган, сүйүүгө, жек көрүүгө, кубанууга, боор тартууга үйрөнгөн бүтүн бир дүйнө. Бала анын мүчөсү болгондуктан, ата-энеси менен белгилүү бир мамилелерге кирет, алар ага оң дагы, терс дагы таасир көрсөтөт алат. Мунун натыйжасында бала же акпейилдүү, ачык, мамилечил, же коогалуу, орой, эки жүздүү, калпычы болуп өсөт.

Ата-энелердин өз балдарын тарбиялоодогу салттуу ролуна, ата-энелик тарбиялык таасир кылуулардын формалары менен усулдарын тандоосуна кол салууга эч ким укуксуздай көрүнөт. Бирок балдар өз ата-энелеринин курмандыктарына айланган, же алардын колунан өлүм коркунучу астында калган көп сандаган фактылар акыркы мезгилде адат болуп калды жана коога жаратпай койбойт.

Балдарга катаал мамиле бүгүн адаттагы кубулушка айланды: зомбулуктун курмандыктарынын 10%ына чейини каза табат, калгандарында денелик, психикалык өнүгүүдө, эмоциялык аймакта четтөөлөр пайда болот. Бул баланын саламаттыгына оңолгус зыян келтирип, анын психикасын

ооруксунтуп, анын инсанынын өнүгүүсүн токтотуп эле койбой, артынан башка оор социалдык кесепеттерди да алып келет, эмгектенүүнү билбеген, саламаттуу үй-бүлө курууга, жакшы ата-эне болууга жөндөмсүз социалдык дезадаптивдүү, инфантилдүү адамдарды калыптандырат. Азыркы кезде бул олуттуу социалдык жана жалпы адамзаттык көйгөй болуп калды.

Психологиялык-педагогикалык адабияттарда ата-энелердин балага мамилелерин алардын анын инсанынын, мүнөзүнүн жана жүрүм-турумунун өнүгүүсүнө таасир кылуусуна байланыштуу иликтеген эмгектер арбын (Боулби, 1988; Гарбузов, 1990; Захаров, 1995; Эйнсуорт, 1963; ж.б.).

Аларда баланын бекем жана бошоң чукулдугун, жакындыгын калыптандырууга көмөктөшүүчү эненин сапаттары сыпатталат; «оптималдуу эненин» же «жетишерлик жакшы эненин» мүнөздөмөлөрү айкындалат, ата-энелик жүрүм-турумдун ар кыл моделдери каралат.

Туура эмес жана бузулган ата-энелик мамилелердин, мисалы, энелик депривациянын таасирине арналган байкоо жүргүзүүлөр менен изилдөөлөр ынанымдуу жана көрсөтмөлүү (И.Ландгмеер, З.Матейчик, 1985; Е.Т.Соколова, 1981; Д. Боулби 1953; М.Д.Эйнсуорт, 1964).

Орус илиминде жана практикасында балдар-ата-энелер өз ара мамилелерин төмөнкүлөр иликтешкен: А.Я.Варга, В.В.Столин, А.С.Спиваковская ж.б. Орусча адабияттарда өспүрүмдөрдү үй-бүлөлүк тарбиялоонун стилдеринин мүнөзгө жана психопатияга басым жасаган, ошондой эле ата-энелик мамиленин кайсы тиби ал же бул өнүгүү аномалиясын пайда кыларына түрткү болорун көрсөткөн кеңири классификациясы сунушталган (А.Е.Личко, 1979; Э.Г.Эйдемиллер, 1980).

Адабияттарды талдоодон баланын психикалык өнүгүүсүнүн темпинин бузулуусуна бир түрдүү эмес факторлордун айкашуусу апкелери даана көрүнөт. Бул факторлор көбүнчө бири бири менен психогендик кубулуштардын ал же бул түрлөрүнүн басымдуулук кылуусу менен ар кыл айкалышта турушат. Алардын ар биринин ролун бөлүп көрсөтүү практикалык кызыгуу жаратат, анткени баланын психикалык өнүгүүсүнүн диагнозу үчүн кыйла так диагностикалык ченөлчөмдөрдү табууга жол берет. Башкаларга салыштырмалуу үй-бүлөлүк фактордун ролу, биздин оюбузча, эң чоң кызыгуу жаратат. Бул иштин темасынын актуалдуулугун мына ошол аныктайт.

Үй-бүлө – бул анын ар бир мүчөсүнүн өзүн сактоо (тукум улантуу) жана өзүн бекемдөө (өзүн сыйлоо) керектөөлөрүн оптималдуу канааттандыруу үчүн багышталган адамдардын социалдык-педагогикалык тайпасы. Үй-бүлө адамда ал жашаган имарат катары эмес, аны күтүшкөн, сүйүшкөн, түшүнүшкөн, коргошкон орунду сезүү, туюу катары үй түшүнүгүн жаратат. Үй-бүлө – бул адамды анын бүткүл көрүнүштөрүндө толугу менен «кучагына алган» түзүлүш. Үй-бүлөдө бардык инсандык сапаттар калыптана алат. Өсүп келаткан адамдын инсанын өнүктүрүүдөгү үй-бүлөнүн тагдыр чечер мааниси жалпыга белгилүү.

*Үй-бүлөлүк тарбия* – бул конкреттүү үй-бүлөнүн шарттарында ата-энелердин жана туугандардын күчү менен калыптануучу тарбиялоо жана билим берүү системасы.

Үй-бүлөлүк тарбия – татаал система. Ага балдар менен ата-энелердин мурастуулугу жана биологиялык (табияттык) ден соолугу, материалдык-экономикалык камсыздалгандыгы, социалдык абалы, жашоо мүнөзү, үй-бүлө мүчөлөрүнүн саны, үй-бүлөнүн жашоо орду (үйдүн орду), балага мамиле таасир кылат. Мунун баары табигый чырмалышат да, ар бир конкреттүү учурда түрдүүчө көрүнөт. Табияттан берилген тукум улантуу инстинкти адамда балдарлуу болуу, аларды өстүрүү жана тарбиялоо керектөөсүнө айланат. Бул керектөөнү канааттандыруусуз адам, эреже катары, өзүн бактылуу сезе албайт. Бул кокусунан эмес. Эгер жубайлык турмуш адамдарда жаңы күчтөрдү жана жаңы сезимдерди ойготсо, анда балдардын пайда болуусу жубайларды кайра түзөт, өзгөртөт. Аларда ата-энелик сүйүү ойгонот да, аны менен байланышкан сезимдердин бүтүндөй бир гаммасы өнүгөт, алар балдар төрөлгөндө гана пайда боло алат: аялдарда – энелик, эркектерде – аталык сезимдер.

Үй-бүлөнүн эң маанилүү социалдык функциясы – өсүп келаткан муунду тарбиялоо. Үй-бүлө азыркы коомдо баланын баштапкы социализациялануу институту катары каралат. Ата-энечилик социомаданий табиятка ээ да, маданият менен коом алдын ала жазган, ата-энелердин ортосунда балдарга кам көрүү жана аларды үй-бүлөдө тарбиялоо функцияларын бөлүштүрүүнү жөнгө салган; ролдордун мазмунун, ролдук жүрүм-турумдун моделдерин аныктаган ченемдердин жана эрежелердин системасы менен мүнөздөлөт. Ата-энелер коом алдында онтогенездин ар бир баскычында баланын курактык өзгөчөлүктөрүнө туура келген жана анын инсандык жана акыл-эстик өнүгүүсүнүн оптималдуу мүмкүндүктөрүн камсыздаган шарттар системасын уюштуруу үчүн жоопкерчилик тартат [15, 98]. Ата-энечиликтин тарыхында үй-бүлө институтунун маанисинин өсүү тенденциясы улам барган сайын айкын болуп баратат. Мурда баланы тарбиялоо үчүн жоопкерчилик коомго жүктөлчү, ошол эле кезде жекече ата-энечилик баланын эмгек ишмердүүлүгүнө кире башташына же анын социалдык функцияларды аткара башташына чейинки кыска мезгилин гана камтыган, бирок баланын социализациялануу милдеттеринин өзгөрүүсү менен үй-бүлөлүк

тарбиялоонун алкагында анын өнүгүүсүнүн ар бир курактык стадияларында тарбиялоочулук таасир кылуулардын конкреттүү формалары менен каражаттары да, баланын ата-энеси менен мамилеleринин мүнөзү да өзгөрүүлөргө дуушарланат.

Репродукциялык функция менен байланышкан жалпы үй-бүлөлүк кызыкчылыктардын маңызы эмнеде? Алар баарыдан мурда балдардын санына тийиштүү болот. Эгер үй-бүлөдө бир нече бала болсо, анда толук баалуу үй-бүлөлүк жамаатты калыптандыруу үчүн табигый шарттар пайда болот. Жана бул үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнүн жашоосун байытат да, үй-бүлөнүн тарбиялоочулук функцияны ийгиликтүү аткаруусуна жагымдуу жагдай түзөт. Бир балалуу үй-бүлөдө баары катуу татаалданат. Бул түшүнүктүү. Бир нече балалуу үй-бүлөдө жамаатты турмуш өзү түзөт; бул жерде үлгү ала турган, көз боло турган жандар бар, насаатчылар жана окуучулар бар. Мындай үй-бүлөдө балдарды активдүү бирге тарбиялоо жүрөт, ар бир баланын жашоосунда табигый түрдө жамаатчылдык, жапакечтик, тилектештик, жолдошчулук жана достук сезими, бир тууганына болгон сүйүү тарбияланат. Ошентип, үй-бүлө – адамдын өзүнүн жападан жалгыз жана алмашылгыс өндүрүүчүсү, тукумдун улануусу. Бирок, тилекке каршы, ал бул функцияны үзүл-кесил аткарат. Бул андан гана эмес, коомдон да көз каранды. Үй-бүлө жашоо каражаттарын коомдук өндүрүүгө катышат, өзүнүн чоң мүчөлөрүнүн өндүрүштө коротулган күчтөрүн калыбына келтирет, өз чарбасын жүргүзөт, өз бюджетине ээ болот, керектөөчүлүк ишмердүүлүктү уюштурат. Мунун баары чогуу келип үй-бүлөнүн экономикалык функциясын түзөт. Экономикалык функциянын үй-бүлөлүк жамааттын өзүндөгү өз ара мамилелерге таасири экилтиктүү боло алат: үй-бүлөдө үйдөгү милдеттерди жубайлардын, улуу жана кичүү муундун ортосунда адилеттүү бөлүштүрүү, эреже катары, жубайлык мамилелерди чыңдоого, балдарды адептик жана эмгектик тарбиялоого жагымдуу таасир кылат. Үй-бүлөдө үйдөгү милдеттер адилетсиз бөлүштүрүлгөндө, ал негизинен аялга арта салынганда, эркек «патриархтын», ал эми балдар керектөөчүлөрдүн гана ролунда чыгышканда, сөзсүз, жагымсыз болот.

Балдар менен алардын ата-энелерине психологиялык жардам кылуунун дүйнөлүк практикасы эгерде үй-бүлөдө баарлашуунун жагымдуу стилин орнотуу ишке ашса, тарбиялоонун абдан оор көйгөйлөрү да толук чечилерин көрсөтөт.

Бул стилдин башкы белгилери гуманисттик психологиянын негизги жоболору менен аныкталат. К.Роджерс аны «инсандык борбордоштурулган» деп, б.а. көңүлдүн борборуна сен азыр баарлашып жаткан адамдын инсанын койгон деп атаган.

Ата-энелик өз ара мамилелер стили баланын психикасында эрксиз из калтырат. Бул абдан эрте, мектепке чейинки куракта эле, эреже катары, аң-сезимсиз болуп өтөт. Биз жүргүзгөн изилдөөнүн натыйжалары көрсөткөндөй, тарбиялоонун стилине болсо, ата-энелердин инсандык сапаттары таасир кылышат.

Чоңоюп, бой тартып, адам тарбиялоонун стилин табигый катары кайра түзөт. Ошентип, муундан муунга карай баарлашуу жана тарбиялоо стилин мурастап калуу болуп өтөт. Мындан ата-энелерди балдар менен туура баарлашуу ыктарына үйрөтүү, ата-энелердин башкысы «Мен» аймагына кирүүчү инсандык сапаттарын түзөтүү керек деген тыянак чыгат.

**Адабияттар:**

1. Бене Е. Детский тест «Диагностика эмоциональных отношений в семье» // Семейная психология и семейная терапия. – 1999. - №2. – С. 14 – 41.

2. Берн Э. Игры, в которые играют люди. Люди, которые играют в игры. – СПб.: Лениздат, 1992. – 400с.

3. Бруменская Г. В., Карабанова О. А., Лидерс А. Г. Возрастно-психологическое консультирование. Проблемы психического развития детей. – М., 1991. – 300с.

4. Варга А.Я. Роль родительского отношения в стабилизации детской невротической реакции (на примере энуреза) // Вестник МГУ. Психология. 1985. №4.